Учреждение «Бишкекский инновационный колледж»

«Бишкек инновациалык колледж» мекемеси

# ОТЧЕТ ГОСТЕВОЙ ЛЕКЦИИ

# ЗА 27.03.2023г

## Гапыр Мадаминов менен өтүлгөн конок лекциясыны отчету

27.03.2023жылы саат 14.00 КЭУ башкы имаратында конференция залында атайын уюштурулган Кыргыз Республиканын эмгек синирген мугалими Гапыр Мадаминовдун "Белгилүү педагогдун иш тажрыйбасындагы окутуу методтору" аттуу темадагы конок лекциясы болуп өттү. Бул үчүн атайын программа түзүлүп, директор менен бекитилди. Конок лекцияны өткөрүү боюнча жоопту болуп тарбия иштери боюнча директордун орун басары Мамаева Н.Ы. дайындалды.

Леция башталаардан мурун студенттер жана окутуучулар "Агай" деген сериалдын үзүндүсүн көрүштү. Бул сериал Гапыр Мадаминовдун өз тагдырынан алынган, мугалимдик жолун баскан жана кантип эксперименталдык гимназияны ачканын тартылган сериал экен. Гапыр Мадаминов өзүнүн лекциясын баштаардын алдында, тарбия иштери боюнча директордун орун басары Мамаева Н.Ы. атайын дайындалган кыскача Гапыр Мадаминов боюнча маалымат окуп берди жана иш жүзүндө слайд көргөзүп берди. Андан кийин  Бишкек инновациянын колледждин директору доц. ф.и.к Эркинбеков К.Э. сүйлөп, Гапыр Мадаминовко сөз берди.

Азыркы учурда Улуттук илимдер Академиясынын тарых институнун изилдөөчүсү, Кыргыз Республиканын эмгек синирген мугалими, №3 эксперименталдык гимназиянын директору Гапыр Мадаминов өз ишин баштады. Гапыр Мадаминов өзүнүн лекциясында жалпы эле таалим тарбия, окутуунун методтору, окуучулардын кабыл алуусу, азыркы учурда студенттердин кызыкчылыктары, ата-эненин да чон роль ойной турганын белгиледи. Студенттердин мотивациясы, китеп окууга  кызыкчылыгы жоктугунан, кээ бир окутуучулардын методикалары жоктугунан, ата-эненин кызыкчылыгы жоктугунан билип сапаты болбой турганын белгилеп айтып өттү. Өзүнүн 16дан ашык авторлук китептерди жаратканын, алардын мааниси эмнеде экенин айтып берди. Лекциянын ич ара суроо-жооптор да болду. Студентердин арасында эксперименттерди да өткөрдү. Лекцияда көптөгөн кызыктуу учурлар болду. Аягында авторлук китептерин да көргөзмө кылып, саттыкка жарыяды. Андан түшкөн каражаттар "Келечек"фондуна түшөөрүн айтты.





